# THE BASIS OF A STUDENT'S CREATIVE THINKING AND THE MEANING, ESSENCE OF ITS FORMATION, IMPROVEMENT

**Murzaev N.**
*Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,*
*Excellent student of education of the Kyrgyz Republic*
*Ishenaly Arabaev Kyrgyz State University*
*Lecturer of the Department of Manas Studies,*
*Kyrgyz Republic*

# ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК МЕНЕН ОЙЛОНУУСУНУН НЕГИЗИ ЖАНА АНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН, ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН МААНИ, МАҢЫЗЫ

**Мурзаев Н.Т.**
*педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,*
*Эл агартуунун мыктысы,*
*Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин*
*Манас таануу кафедрасынын окутуучусу,*
*Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы*
https://doi.org/10.5281/zenodo.21411829

**Abstract**

The nature of creativity is complex and strange, mysterious. It is studied by philosophers, psychologists, historians, physiologists, and educators, each in accordance with the specifics of their own science. Psychologists are interested in studying the ways of formation and improvement of a creative personality with a transitional state of the creative process. The problem of creativity is of more interest to modern researchers not as a separate phenomenon, but as issues related to the majority of people with universal patterns in it. There are many definitions of the word "creativity", but it all boils down to the fact that creativity is a form of human activity that generates a qualitatively new value, a thing, a new idea, a solution to a new one by improving a particular task. Since creativity is inherent in a person from a young age, teachers write about its formation and development firsthand, but directly from the school desk. In fact, this is a very serious problem. This requires extensive scientific research.

Since creativity is inherent in a person from a young age, teachers write about its formation and development firsthand, but directly from the school desk. In fact, this is a question that has attracted very deep attention even before. This requires extensive scientific research. The article will focus on how to awaken a child's creative abilities early, and give him good attention from adults: parents, teachers. It is necessary to take responsibility for the creative consciousness of the child. This is because creative activity accompanies a person throughout his life. Therefore, it is of great benefit to both the child and society if the child begins in a period of enthusiasm, purity of thoughts and feelings. The creative thinking of the greatest geniuses of mankind began at a very young age.

**Аннотация**

Чыгармачылыктын табияты татаал жана кызык, табышмактуу. Аны философтор, психологдор, тарыхчылар, физиологдор, педагогдор ар бири өздөрүнүн илимдеринин өзгөчөлүгүнө ылайык изилдешет. Психологдорду чыгармачылык процесстин өтүү абалы менен чыгармачыл инсандын калыптандыруу, өркүндөтүү жолдорун изилдөө кызыктырат. Чыгармачылык маселеси азыркы изилдөөчүлдөрдү өзгөчө көрүнүш катары эмес, андагы жалпы адамзаттык мыйзам ченемдер менен адамдардын негизги массасына тиешелүү маселелери көбүрөөк ынтызар кылат. “Чыгармачылык” дегендин көп эле аныктамасы бар, бирок анын баары келип эле, чыгармачылык бул – адамдын ишмердүүлүгүнүн формасы, ал сапаттык жаңы баалуулукту, нерсени, жаңы идеяны жаратуучу, жаңыны тигил же бул маселени өркүндөтүү менен чечүү болуп эсептелет.

Чыгармачылык адам баласына жаш кезде эле мүнөздүү болгондуктан, аны мектеп партасынан эле калыптандыруу, өнүктүрүү жөнүндө педагогдор учкай айтып жазып келе жатышат. Чындыгында, андан мурда да өтө терең көңүл буруучу маселе. Ал илимий негизде кенен изилдөөнү талап кылат. Макалада баланын чыгармачылыгын эрте ойготуу керектиги, ага чоң адамдар: ата-энеси, мугалимдер жакшы көнүл буруусу жөнүндө сөз болот. Баланын чыгармачыл аң сезимине жоопкерчилик менен мамиле жасоо зарыл. Себеби, чыгармачылык ишмердүүлүк адамды өмүр бою коштоп жүрөт. Андыктан бала дилгир, таза мезгилинде, ою, сезими да таза мезгилде башталса балага да, коомго да чоң пайда берет. Адамзаттын эң улуу генийлеринин чыгармачылык менен ой жоруусу жаш мезгилинде башталган.

**Keywords:** creativity, student, teacher, activity, speech, observation, thinking, analysis, work, skills, something new

**Ачкыч сөздөр:** чыгармачылык, окуучу, мугалим, ишмердүүлүк, сүйлөө, байкоо, ойлоо, талдоо, эмгек, шык, жаңы нерсе.

Чыгармачылык ишмердүүлүксүз болбойт. Ишмердүүлүк гана чыгармачылыкты жаратат. "Чыгармачылык-сапаттуу жаңы материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуучу адамдын

ишмердүүлүк процесси. Чыгармачылык-бул адамдын эмгекте пайда болгон, чыныгы жеткирилген материалдан (обьективдүү дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн таанып билүүнүн негизинде) көп түрдүү коомдук керектөөлөрдү канааттандырган жаңы чындыкты жаратуу жөндөмдүүлүгү" [7, 474 б.].

Жөн гана керектөөчү мүнөздөгү жана продуктивдүү мүнөздөгү ишмердүүлүк бар. Адамдын ишмердүүлүгү продуктивдүү мүнөздө болгондо, аны чыгармачылык ишмердүүлүк деп эсептейбиз. Муну окуучуга жөнөкөй гана мынтип түшүндүрүүгө болот: жаңы бир нерсени жасоо чыгармачылык, ошондой эле ал (мурда болгон) нерсеге жаңыча өзгөрүү киргизүү да чыгармачылык болуп эсептелет. Мисалы, бет аарчы кыргыз элинде илгертеден эле колдонулуп келген буюм. Мурунку муундарда кыз-келиндер тарабынан жигиттерге белек берилген, айрыкча аны көңүлгө жаккан жигиттерге берүү адат сыяктуу болгон. Ч.Айтматовдун “Эрте келген турналар” повестиндеги Мырзагүлдүн Султанмуратка берген бетаарчысына “С +М” деп жазып бериши – чыгармачылык десе болот ж.б.

Чыгармачылык аң сезим – фактылуу кубулуш жана татаал түзүлүшкө ээ болгондуктан, аны түшүндүрүүнү татаалдандырат. Чыгармачылык ойлонуунун маңызын түшүндүрүү үчүн анын психологиянын предмети экенин, анын факторлорунун, принциптеринин, механизмдеринин, критерийлеринин жана формаларынын, түзүлүштөрүнүн бөлүнүштөрүн аныктоо менен ойлоонун башка түрлөрү жана формалары менен мамилесин аныктоону талап кылат.

Ойлоо ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү, ал түз же кыйыр түрдө инсандын материалдык-предметтик ишмердүүлүгүнө байланышта болот. Эгер ойлоо материалдык-предметтик ишмердүүлүк менен шартталган болсо, анда ой жүгүртүү бул иш-аракет баш ийген фактылардан чыгууга тийиш. Себеби, ишмердүүлүк курчап турган дүйнөнү таанып-билүүгө, үйрөнүүгө жана чыгармачылык менен өзгөртүүгө жумшалган адамдын жигердүү аракетинин түрү десек болот. Ишмердүүлүк учурунда адам материалдык жана рухий маданияттын предметтерин жаратат. Ошонун аркасында өзүнүн шык-жөндөмүн өнүктүрөт, өзгөртөт, табийгатты сактайт, өстүрөт, коомду курат. Табиятта анын активдүүлүгүсүз болбогон нерселерди, предметтерди жаратат. Буга адамдын ишмердүүлүгү себеп болот. Адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн аркасында адам коому, шаарлар, машиналар, жүрүүчү, учуучу техникалар курулду. Аларды куруу үчүн да эмгек куралдарынын түрлөрү, түрдүү буюмдар пайда болду. Ушулардын баары продуктивдүү ишмердүүлүк үчүн окуучуга кенен түшүндүрүүгө керектүү мисалдар боло алат.

Окуучуга чыгармачылык ишмердүүлүктү түшүндүрүдө жалаң гана чоң продуктаны мисал кылып көрсөтүү туура эмес. Окуучулардын ой жүгүртүүсү эмприкалык жалпылоо жана формалдуу -логикалык чыгаруу мыйзамдарынын негизинде пайда болушу мүмкүн, же ал диалектикалык логиканын мыйзамдарынын негизинде түзүлөт. Эгерде ой жүгүртүү диалектиканын мыйзамдарын четке какса, анда ал чектелген мүмкүнчүлүккө ээ жана чындыктын диалектикалык байланыштарын камтый албайт.

Чыгармачылык ой жүгүртүү диалектикалык болушу керек, себеби ага предметти терең байланышында бүтүн таануу мүнөздүү. Азыркы мезгилде коомдук өсүштүн, практиканын денгээли окутуунун диалектикалык ыкмасын колдонуу менен чыгармачылык ойлонууну таануусу илимий прогресстин тарыхый маанидеги керектөөсү болуп калды. Себеби ушул мезгилдеги жасалма интелект сыяктуу адамзаттын атаандашы турганда, адамзаттын өзүнө чыгармачылыкта кандай мүмкүнчүлүк бар деген да суроо туулат. Адамдын мүмкүнчүлүгү чексиз, ага жасалма интелект эч тоскоол болбойт.

Чыгармачыл ойлонуу психологиянын үйрөнүү обьектиси болуп келген жана болуп кала берет. Ал үйрөнүлгөн предметтин байланыштарын ойлонулган ыктыярда түздөн түз чагылдырат, анын натыйжасында материалдык продукция, субьективдүү жаңы билим же идеалдуу образ пайда болот. Окуучунун чыгармачыл ойлонуусу чыгармачыл инсанды калыптандырууга багытталуусу зарыл. Мында окуучунун чыгармачылык этабында, башталгыч класстан тартып, жогорку мектепке чейин мүмкүн деп пикирлер бар. А чынында адам баласынын чыгармачылыгын изилдөө жаш өзгөчөлүктүн андан эрте экенин көрсөттү. Мисалы, чыгармачылыктын эрте башталганын япон окумуштуусу Масару Ибука өз китебинде жазып чыкты. Ал китебинде: “Баланын өнүгүшүндө билим менен чөйрө тукум куучулукка караганда алда канча маанилүү роль ойнойт”,- деп жазган [4,56]. Бул пикири чыгармачылыкка да тиешелүү.

Бирок окуучунун чыгармачылыгында чоң ачылыштын болбой калышы маанилүү эмес, жок дегенде өзү үчүн бир ачылуу же жаңылык болушу керек. Окуучулардын чыгармачылыгында коомдук жаңылыктын болбой калышы алар аткарган чыгармачылыктын түзүлүшүн маанилүү өзгөртүүгө учуратпайт. Чыгармачылык процесстин этаптары өзүнө тиешелүү мыйзамченемдүүлүктө окумуштуунун да, өспүрүмдүн да ишмердүүлүгүндө бирдей эле өлчөмдө көрүнөт. Чыгармачылык менен ойлонуу жөндөмүнө ээ болуш үчүн 1-класстан 12-классты бүтүп кеткенге чейин окуу мезгилинде да окуудан сыртта да алардын табигый шык-жөндөмүн ачуучу жана өнүктүрүүчү чыгармачылык ситуацияны дайым түзүү керек.

Чыгармачыл ойлоонун биринчи фактору катары муну айтууга болот:

Чыгармачылык – мээнин табигый функциясы деп изилдөөчүлөр тарабынан негиздүү далилденген, ошондуктан ар бир балага чыгармачылык мүмкүнчүлүктөр бала кезде эле берилет жана ал максатка багытталган тарбиялоо процессинде гана өнүгүшү мүмкүн. Чыгармачылык ойлонуу жөнүндө биз ишмердүүлүктүн түрү

жөнүндө айтпастан адамдын коомдук практикасынын бардык жагдайында керек болгон адамдын иш-аракетинин стили жөнүндө айтабыз.

Экинчиси, окуучулардын чыгармачылык инсандыгын өнүктүрүү алардын окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүгүн туура уюштурууда ишке ашат: окуучу практикалык маселелердин жүрүшүндө гана чыгармачыл ой жүгүртүү стилине үйрөнө алат, ал үчүн окуу иш-аракеттерин уюштуруунун өзгөчө формасы талап кылынат, анда окуу кичине изилдөөчүлүк иш-аракетке айланышы керек

Окуучулардын чыгармачылыгы дегенде шарт эле чоң бир ачылышты ача салуу же бир жаңы нерсени жарата коюу дегенди түшүнбөстөн, баланын кандай нерсеге болбосун өтө кызыгуу менен киришип,өздөштүрүп, жаңы бир нерсе киргизүүгө жасаган аракетин түшүнүүбүз керек. Куду ушул майда нерсе кийин чоң ачылыштардын башаты болот деп эч ким так айта албагандай, башаты болбойт деп да кесе айтууга болбойт, кеп аны өрчүтө билүүдө турарына көптөгөн улуу адамдар маани беришкен . Баланын шыгын,кызыгуусун өстүрүү баланын гана эмес, чоңдордун да милдети, болгондо да, аларга көбүрөөк жоопкерчиликтүү жагы туура келет.

Чыгармачылык процессинде бала интелектуалдык жана эмоциялык жактан өсөт, айлана –чөйрөдө, коомдо өз ордун аныктайт, адамдар менен алака кылуу тажрыйбасына, ар түрдүү эмгек куралдары жана материалдар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болот, өз денесин, үнүн, сүйлөө кебин башкарууга үйрөнөт. Чоңдордун чыгармачылыгы сыяктуу эле балдардын чыгармачылыгы да көп түрдүү. Техникалык, сүрөтчүлүк, музыкалык, аткаруучулук, кол өнөрчүлүк ж.б. Бала өз турмушунда көп нерсеге кызыгат, чыгармачылыктын ар кайсы түрүнө жолугат, аны улап кетүү, өнүктүрүп кетүү шартка, тарбияга туш келеби, бул башка маселе. Бирок кандай чыгармачылыкка кызыкса да, чыгармачылык бала үчүн жашоого кызыгуунун ички механизми ойготору бышык. Чыгармачылык бала үчүн чон таасир берүүчү дүйнө экени анын өзүнө билинбеген табышмак. “Чыгармачылык менен иштөө адамды өмүр бою жандап жүрөт. Анын башаты бала кезде жатары, ошого жараша өзгөрөрүнө чоң маани берүү керек. Бала кезде чыгармачылыкты калыптандыруу – ийгиликке эрте жол ачуу. Ошонун ичинде да калем менен ойлонуу эң кыйыныраагы десек туура болот” [6, 49].

Балдардын көркөм чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо ал жалпы тарбиянын эстетикалык жана көркөм табитти өстүрүүчү бөлүгү экенин дайым эске тутуубуз керек. Балдардын чыгармачылыгы өз алдынча же чоңдордун жетекчилиги, үйрөтүүсү астында болуусу мүмкүн. Аларга сүрөт, музыка, ылайдан, пластилинден чаптап жасоо, театралдык сахналаштыруу, бий, оозеки жана жазуу түрүндөгү көркөм чыгармачылык кирет. Көркөм чыгармачылыкка хорлор, жыгачтан оюулар, куурчак театры, оюн түрүндөгү фильмдерди да кошушат. Аткаруучулук жөндөмүн арттыруучу “Манас” айтуу, музыкалык аспаптарда ойноо, көркөм окуу, элдик чыгармачылыктын салттуу түрлөрүн аткаруу (табышмак, жаңылмач, жомок, акыйнек) айтуунун чоң таасирлери тиет. Массалык көркөм чыгармачылыкка тартылган балдардын таланты барбы, жокпу анысына каралбайт. Көркөм тарбия берүүдө кадимки баланы таланттуу балдарга салыштырууга болбосун Л.С. Выготский да айткан.

Көркөм чыгармачылык менен алектенүү баланын инсандыгын ойготот, ачат, айлана-чөйрөгө, улуу-кичүүгө жашына жана кыз, бала экенине ылайык, сезим, акыл-эс, эрк, дене түзүлүшүнө жараша мамиле жасоого үйрөтөт. Балдардын көркөм чыгармачылыгы баланын өсүү жолундагы маанилүү, ишенимдүү жол. Канчалаган балдар ал жолдо тарбияланды. Бул практика далилдеген, педагогикалык, психологиялык жактан баланын өсүшүнө документтер, изилдөөлөр даплилдеп көрсөткөн чоң баалуулук жана акыйкат чындык. Көркөм чыгармачылыкты педагогикалык жактан туура түшүнүүчү жагдай бар. Мисалы, педагог түзгөн өбөлгө, жагдай менен бала өзүнүн дүйнө, өзү, жашоодогу орду, тууралуу жана өз айлана-чөрөсүндөгү, жашоосундагы социалдык чындыкты чагылдырууга аракет кылат.

Маани-маңызы, каражаты боюнча балдардын көркөм чыгармачылыгы да кесипкөй сүрөтчүнүн, музыканттын чыгармачылыгына кыйыр окшош. Көркөм чыгармачылыктын башаты 2 жаштан баштап байкала баштайт. Чоңдор менен биргеликте ишке ашырыла турган көркөм чыгармачылыктын алгачкы “интерпсихикалык” фазасы (А.Валлон, Л.С.Выготский) 1,5-3 жашта болуп, чоңдор менен мамиледе болуу, алардын тажрыйбасын кабыл алуу көркөм чыгармачылыкта чечүүчү шарт болуу менен анын өнүгүшүнө чоң таасир берет. Ушул фазанын маанисине көптөгөн ата – энелер маани бербейт.

Кийинки фаза 4-5 жашта болот. Бул мезгилде бала өз алдынча аракеттенүү менен даяр үлгүлөр боюнча алдына колдон келүүчү,күчү жете турган милдеттерди коюп, искусствонун түрүнө жараша колдонулуучу, өзү колдоно турган каражаттар, ошого ылайык кыймыл аракеттерди жасап чечүүгө далалат кылат. Эң алгач көркөм чыгармачылык импровизация түрүндо болот. Сүрөт, музыка, бий боюнча импровизация үчүн балдар оюнду тууроо гана эмес, чыныгы турмуштагы нерселер, шамал үнү, айбанаттардын менен чымчыктардын үндөрү, дабыштар, тамганын, сааттын чыкылдаганы, угулган обондуу ырлар, күүлөр, буюмдардын түсү, формалары, айбанаттардын кызык жүрүм-турумдары материал болушу мүмкүн. Кийинчерээк курал колдонуп аткарылуучу көркөм чыгармачылыктын түрлөрү жолугат. Мисалы, боек менен сүрөт тартуу, кураштыруу. Булар боёк кагаз менен иштөөнүн көндүмдөрүн талап кылат. Көркөм чыгармачылык татаал, ал гана баланын инсандык туюмдарын ойготот, жетилтет. Көркөм чыгармачылык баланын инсандыгынын жалпы өсүшу менен байланыштуу.Бирок, анын башаты боюнча түрдүү пикирлер бар. С.Л. Выготский көркөм чыгармачылык оюндан башталат, алгач синкреттүү (башкалардан бөлүнбөгөн, жалпы)

түрдө болот деп эсептесе, анын оюндан чыгарына кээ бирөөлөр каршы болушса (Е.И.Игнатьев, Г.В. Лабунская), үчүнчү бирөөлөр көркөм чыгармачылык жана оюндар бар нерсе, бирок алар өзгөчө мыйзамдар менен өнүгөт дешет. С.Л. Выготский балдардын көркөм чыгармачылыктын тигил же бул түрлөрү менен алектенүүсүндө аларга кызыгуусу улам алмашылып турарын белгилеген. Мектепке чейинки балдардын музыкалык-драмалык, сөз менен импровизациялоо, айрыкча коллективдүү бий түрүндөгү кыймылдар тартканы менен мектепке чейинки курактын аягында сүрөттөөчү көркөм чыгармачылыкка кызыкчылыктары оогону байкалат. Кийинки заманбап маалыматтарга таянсак балдардын сүрөттөөчү чыгармачылыкка (изобразительный) чыгармачылыкка массалык кызыгуусу 10-12 жашка чейин окуучулардын 60-70 пайызында сакталат. 10-14 жаштан адабий чыгармачылыкка кызыгып, ыр жазууга аракет жасаганы көрүнөт, үн жаздырууга,массалык бийлерге, кооздоочу оймо – чиймелерге аралаша баштайт. Балалык кездин аягында, жогорку мектеп жашында театралдык ишмердүлүккө, хорлорго, көркөм окууга, роль аткарууга көп кызыгышат. Жогорку мектеп жашында көркөм чыгармачылыкта угуучу, көрүүчү, окурман катары автор менен биргелешет, авторлошот, олуттуу адабият, музыка менен алектенүүгө өтөт. Окуучунун дил баяны бир жагынан илимий, бир жагынан көркөм чыгармачылыктын таасирин көрсөтөт.Андыктан “дил баян жазууда төмөнкүдөй процессти окуучу баштан өткөрөт:көңүл буруу, кызыгуу, кабыл алуу жана түшүнүү, ойлоо, элестетүү, жеке пикир, корутундулоо, туура түшүнүктү ырааттуу жазуу” [5, 199]

Бала кандай чыгармачылыкка көңүл бөлсө, аны өстүрүү жолун чоңдор ойлонуп маани берүүсү керек. Бул тууралуу С.Л. Выготский мындай жазат: “Ребенок пишет стихи или рисует вовсе не потому, что в нем прорывается будущий творец, не потому что сейчас нужно для ребенка и еще потому что, это известные творческие возможности заложены в каждом из нас. Процессы отбора гениальности и таланта еще настолько смутны, не изучены какие именно меры содействует сохранений и воспитанию будущих гениев” [2,290-стр.] Бул улуу психологдун айтканы. Ар бир балада талант болорун улуу жазуучу М. Горький да айткан. Философ Н. Бердяев мындай дейт: “Творчество неотьлемо присуще человеческой природе, уже ребенок обладает огромными творческими задатками–памьятю, вооброжением непосредственной яркостью впечатлений. Потом все это уходит, человек “темнеет”, если ему не удается сохранить в себе это “детское” начало превращается в обычную заурядную личность”[1, 81].

Чыгармачылык жөндөмдү, талантты сактоо да, өстүрүү да оңой эмес. Ал үчүн көп иштөө, көп көнүгүүлөр сарпталат. “Упряжнят внимания- значить вызыват его всякий раз посредством такой внутренной реакции. Самособой разумеeется, что чем чаще мы это делаем, чем больше вызываем таких случаев, тем сильнее закрепляем связь между внутренним раздражителем и реакциями внимания”, -дейт Л.С. Выготский [2,307].

Чыгармачылыктын мааниси, пайдасы ушунда аны менен алектенген адам өзүн, коомду тез тааанийт, коомдогу өз ордун аныктайт. Бул, айрыкча, көркөм адабият жана коомдук илимдерге тиешелүү. Адамды чыгармачылык жаман жолдон сактайт. Бул тууралуу кыргызда акын, жомокчулардын көп эле айткандары бар. Чыгармачылык тазалыкты, чынчылдыкты, калыстыкты талап кылат. “ Подлинное творчество не может быт демоническим, оно всегда есть выход из тьмы. Демонические зло человеческой природы сгорает в творческом экстазе, притворяется в иное бытие”,- дейт орус философу Н. Бердяев [1,115].

Балдардын көркөм адабият боюнча чыгармачылыгы оозеки жана жазуу кеби калыптанганда, дүйнөгө өз үнүн кошууга дилгир болгон чакта башталат. Бул 10-14 жаштан башталарын айттык. Мектепте адабий чыгармачылыкка кызыктырууда адабият кружокторунун орду чоң. Чыгармачылыкка үйрөтүүдө дил баян жаздыруунун орду чоң, албетте, муну менен дил баян жаздыруу жалаң акын- жазуучуну даярдоо үчүн керек дегенди айтуудан алыспыз, анткени менен чыгармачылыктын даамын татып калуусуна, түйшүгүн түшүнүүгө керек. Дил баянды тез-тез жаздырып туруунун ой жүгүртүү процессинин жакшыруусуна алып келет. Ал үчүн окуучу да, мугалим да дил баяндын үстүндө иштей алуусу керек. Мугалим да сабакка кирип эле: “Дил баян жазабыз”,-дегени туура эмес. Бала да даярданышы керек. Даярдыгы мыкты болмоюнча, эч качан мыкты дил баян жазылбайт. Ал турсун оозеки түрдө айтып даярдануунун чоң пайдасы бар. Мектеп окуучуларынын чыгармачылыгынын туу чокусу эле дил баян жазуу. “Из всех трудовых процессов человека самый трудный – творческий. Прежде чем что-то создать, сочинить, человек должен вдуматься, вжиться в тему, дать мозгу время поработать подступно, вызвать из памяти аналогичные ощущения и переживаниия – тогда сочинение выльется из души” [3,28]. “Дил баян аркылуу адам өзүн өзү чагылтат, б.а ишмердүүлуктүн бул формасы - адамдын өзүн-өзү көрүп туруучу күзгүсү” [5,526-бет]. Бардык чыгармачылык деп эсептелген иштерде автордун “мени” кайсыл бир деңгээлде кошулса, окуучунун дил баянында ал эң көп кошулат, ошондо ал чыгармачылык менен жазылган болот. Жөн эле көчүргөн материал дил баян боло бербейт. Чыгармачылык менен иштөө адамды өмүр бою жандап жүрөт. Анын башатын бала кезде жатары, ошого жараша өнүгөрүнө чоң маани берүү керек. Бала кезде чыгармачылыкты калыптандыруу - ийгиликке эрте жол ачуу. Ошонун ичинде да калем менен ойлонуу эң кыйынырaагы десек туура болот.

**Адабияттар:**

1. Бердяев Н. Смысл творчества (Опыт оправдание человека) М.: Изд. Г.А. Лемана и С.И.Сахарова, 1916-г.182с.

2. Выготский Л.С. Педагогическая психология, М. Педагогика,1990. 474стр.

3. Гринина-Земскова А.М. Обучение сочинениям. 5-8 классы.Издание 3-е, стеротипное 120 с.

4. Масару Ибука.Үч жаштан кийин кеч. - Бишкек. -2015. -232 б.].

5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. “Турар” Бишкек, 2013.554 б.

6. Мурзаев Н.Т. Дил баян жаздыруунун теориясы жана практикасы. Монография. – Б.: Улуу Тоолор, 2021. – 484 б.

7. Философский словарь. Под.ред И.Т Фролова, -М.Изд. Политиздат. - 1987. --592 стр.